КАРАЛДЫ
№1 педагогикалык кеңеште
30.08.2022

БЕКИТЕМИН
Н.Рахманов атындагы орто
мектебинин директору
_________ Дюшенбаева С.Э.
01.09. 2022

# Нурлан Рахманов атындагы орто мектепте ийримдерди уюштуруу жөнүндө

# Жобо

1. **Жалпы жоболор:**
    - Ийримдер окуучулардын предметтерге болгон кызыгуусун, зарылчылыгын, шыгын канааттандырыш үчүн уюштурулат.
    - Ийримдердин багыты мектептин окутуу жана тарбиялоо маселелери, ошондой эле окуучулардын, ата-энелердин талабы боюнча аныкталат.
    - Ийримдер окуучуга төмөндөгү мүмкүнчүлүктөрдү түзөт:

    предмет боюнча билимин тереңдетүү, толуктоо;
    өз алдынча билим алууга көнүгүү;
    чыгармачылыгын өстүрүү;
    тандаган багыт боюнча маалыматты кеңири алууга;
    келечектеги кесипти маанисин түшүнүп тандоого;
2. **Ийримдерди өтүү тартиби**:
    - Ийримдер сабактан тышкары убакытта атайын түзүлгөн жүгүртмө боюнча өтүлөт;
    - Ийримдердин тизмеси жана сааттары директор тарабынан буйрук менен аныкталат;
    - Жумасына 1 же 2 саат (программада каралган сааттардын көлөмү боюнча) өтүлөт;
    - Ийримдердин өтүлүшүн, программалардын аткарылышын ОТИ боюнча диретордун орун басары көзөмөлдөйт;
    - Ийримдерге окуучулар өз ыктыяры менен катышышат, эгерде сабактардын жүгүртмөсү боюнча мүмкүнчүлүк болсо 2 ийримге катышса болот (2 ден ашык эмес);
    - Бир предмет боюнча ийрим (кружок) алып барган мугалим окуучулардын катышуусуна жооптуу;
    - Ийримди алып барган мугалимге шыктандыруу тутумунун алкагынан айлык акы төлөнөт
3. **Ийримдик сабактардын иш кагаздары:**
    - Ийримдик сабактардын журналы;

- Ийрим  алып барган ар бир мугалим программа боюнча иш алып баруусу зарыл;
- Ийримдин программасы усулдук бирикмеде каралып, мектеп директору тарабынан бекитилет;
- Ийримдик программа  төмөнкүлөрдү камтыйт:
  Ийримдин максатын жана милдетин чагылдырган түшүндүрмө кат;
  Сабактардын тематикасын;
  Колдонулган адабияттардын тизмеси;
  Ийримдин жүгүртмөсүн;
  Окуучулардын тизмесин;

4. **Ийримдик сабактардын журналы өз убагында мугалим тарабынан толтурулушу зарыл**
5. **Ийримдик сабактагы баалоо:**
   - Мугалим баалоонун ар кандай формаларын жана усулдарын колдонсо болот (ооз эки суроо,тест,жазуу иштери, изилдөөчүлүк, чыгармачылык долбоорлор ж.б.);
   - Окуучуга баа коюу милдетүү эмес;
   - Окуучунун күндөлүгүнө ийримдин жыйынтык көрсөткүчү катары жазуу түрүндө «зачет», «эң жакшы», «жакшы», «канааттандыраарлык» белгиси коюлат

Тааныштым: __________